| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын
II-кезексиз сессиясынын
Токтому №5/4

2025-жылдын 14-майы Жаңы-Арык айылы

**Жаңы-Арык айылынын тургуну Р.Качкыналиевдин 4-03-03-1001-1219 идентификациялык коду менен катталган жер аянтын 4-03-03-1001-1215 идентификациялык коду менен катталган муниципалдык жер аянтына алмашуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаңы-Арык айылынын тургуну Р.Качкыналиевдин 4-03-03-1001-1219 идентификациялык коду менен катталган жер аянтын 4-03-03-1001-1215 идентификациялык коду менен катталган муниципалдык жер аянтына алмашуу жөнүндө айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, агрардык жана айыл чарбасы боюнча башкы адиси Д.Дүйшөналиевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Кызарт айылынын тургуну Р.Качкыналиев 4-03-03-1001-1215 идентификациялык коду менен катталган 2524,5 кв. муниципалдык жер аянтына турак-жай, короо сарай салып алгандыгына байланыштуу, бул жер аянтынын 1382,4 кв.м жер аянты, Р.Качкыналиевдин жеке менчигиндеги 4-03-03-1001-1219 идентификациялык коду менен катталган 1382,4 кв.м жер аянтына алмашылсын;

2. 4-03-03-1001-1215 идентификациялык кодундагы муниципалдык жер аянтындагы ашык 1142,1 кв.м жер аянты айыл өкмөтүнүн муниципалдык жери катары калтырылсын;
3. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жерге жайгаштыруу, агрардык жана айыл чарбасы боюнча башкы адиси Д.Дүйшөналиевге тапшырылсын;

4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек